ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ
TEACHING TECHNOLOGY

***Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: Bashredaktor@mail.ru***

***Саттарова Азиза Тешабаевна,***
***педагогика илимдериинин доктору, профессор,***
***М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ош шаары,***
***e-mail: Aziza.sattarova.1965@mail.ru***

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВДУН «КУЛМУРЗА МЕНЕН АКСАТКЫН» ПОЭМАСЫН ТАЛДООНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

***Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: Bashredaktor@mail.ru***

***Саттарова Азиза Тешабаевна,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Ошский технологический университет имени М.М. Адышева,***
***Кыргызская Республика, город Ош,***
***e-mail: Aziza.sattarova.1965@mail.ru***

# ТЕХНОЛОГИИ АНАЛИЗА ПОЭМЫ БАРПЫ АЛЫКУЛОВА «КУЛМУРЗА И АКСАТКЫН»

***Muratov Abdykerim Zharkynbayevich,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: Bashredaktor@mail.ru***

***Sattarova Aziza Teshabaevna,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Osh Technical University named after M. Adishev,***
***Kyrgyz Republic, Osh city,***
***E-mail: Aziza.sattarova.1965@mail.ru***

# TECHNOLOGICAL ANALYS IS POEM BARPY ALYKULOVA «KULMURZA AND AKSATKYN»

***Аннотация:*** *Бул макалада орто мектептин VIII классындагы кыргыз адабияты сабагында Барпы Алыкуловдун «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасын талдоо процессинин технологиялары көрсөтүлөт. Элдик фольклордун негизинде ырдалган бул чыгарманы окутуу да, аны окуучулардын кабыл алуусу да бир кыйла татаалдыкты жаратат. Мындай чыгармаларды окутуунун максаты азыркы ааламдашуу доорундагы окуучулардын адабий билимин жогорулатуу, аларды руханий жана адептик тарбиялоого салым кошуу. Чыгарманы талдоо процессинде окуучулардын лингвистикалык, этномаданий жана теориялык компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга да мүмкүнчүлүк жаралат. Авторлор теманы изилдөө үчүн адабиятчылардын эмгектери менен бирге эле өздөрүнүн жеке ой жүгүртүүлөрүн жана практик мугалимдердин тажрыйбаларын колдонот. Методисттер сунуш кылган технологиялар мугалимдердин сабагын илимий-теориялык жактан өркүндөтүүгө жардам берет.*

*Макала жогорку окуу жайларынын студенттерине, аспиранттарга, магистрлерге жана мектептин кыргыз адабияты мугалимдерине арналат.*

***Аннотация:*** *В данной статье представлены технологии процесса анализа стихотворения Барпы Алыкулова «Кулмурза и Аксаткын» на уроке кыргызской литературы VIII класса средней школы. Как преподавание этого произведения, исполняемого на основе народного фольклора, так и его принятие учащимися создают значительную сложность. Цель преподавания подобных произведений – повысить литературные знания учащихся в современную эпоху глобализации, способствовать их духовно-нравственному воспитанию. В процессе анализа работы появится возможность повысить языковую, этнокультурную и теоретическую компетенции студентов. Для исследования темы авторы используют свои личные размышления и опыт практикующих учителей, а также произведения литературы. Технологии, предлагаемые методистами, помогают улучшить уроки учителей в научном и теоретическом плане.*

*Статья предназначена для студентов вузов, аспирантов, магистров и школьных учителей кыргызской литературы.*

***Annotation:*** *This article presents the technological process analysis of Barpy Alykulova's poem "Kulmurza and Aksatkyn" in the lesson of Kyrgyz literature of the 8th grade of high school. Both the teaching of this work, which is performed on the basis of folk folklore, and its acceptance by students create considerable complexity. The purpose of teaching such works is to increase the literary knowledge of students in the modern era of globalization, to contribute to their spiritual and moral education.In the process of analyzing the work, it will be possible to improve the linguistic, ethnocultural and theoretical competence of students. For the study of the topic, the authors use their personal thoughts and experiences of practicing teachers, as well as works of literature. Technologies, offered by methodologists, help to improve teachers' lessons in scientific and theoretical terms.The article is intended for university students, graduate students, masters and school teachers of Kyrgyz literature.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *поэма, адабият сабагы, текстти интерпретациялоо, чыгармачылык ишмердүүлүк, компетенттүүлүк, лирикалык каарман.*

***Ключевые слова:*** *поэма, урок литературы, интерпретация текста, творческая деятельность, компетентность, лирический персонаж.*

***Key words:*** *poem, lesson literature, text interpretation, creative activity, competence, lyrical performance.*

**Киришүү.** Кыргыз адабияты сабагында Барпы Алыкуловдун чыгармаларын үйрөнүүгө өзгөчө орун берилген. Бул акындын 140 жылдыгы быйылкы жылы Түрксой уюмунун колдоосу менен бүтүндөй түркий өлкөлөрдө өтүп жатат. Ырчы көзү азиз болсо да көкүрөгү баарын сезип, кыргыз поэзиясында сүйүү лирикасында жана айтыш өнөрүндө өзүнүн классик экендигин көрсөткөн. Анын ырларын

мектепте талдоо, биринчиден, окуучуларды кыргыз элинин махабат тууралуу ой жүгүртүүлөрү, таза сүйүүнү даңазалоосу кандай болгондугун көрсөтсө, экинчиден, бул чыгармадан азыркы балдар кыргыз тилинин бай лексикалык корун, өзгөчө, түштүк диалектисинин ичкилик говору менен тааныша алат. Бүгүнкү окуучуга элдик ырчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү татаал жана чыгармачылыкты талап кылган педагогикалык процесс. Бул милдеттерди ишке ашыруу азыркы учурдагы эң эле актуалдуу проблемалардан.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз элдик акындар поэзиясындагы Барпы Алыкуловдун «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасынын маанисин жана поэтикалык бай дүйнөсүн ачып берүү технологияларын азыркы адабият мугалимдерине сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн методдору:** адабияттарга талдоо; анализ жана синтез; текстти талдоо; салыштыруу; текстти интерпетациялоо.

**Негизги мазмуну.** Барпы Алыкуловдун башталгыч класстарда жана V-VII класстарда санат-насыят ырлары окутулат да, VIII класстарда автор тууралуу кыска маалыматка ээ болгон болот. Бул класста анын дидактикалык санат-насыят мазмунундагы «Ынтымак», «Айт, айт десе» деген эки ыры, философиялык мааниси терең «Күн», «Шамал», «Дүнүйө», «Көз» аттуу төрт ыры, сүйүү лирикаларынан «Мөлмөлүм», «Мырзайым», «Буракжан», «Гөзал кыз» деген ырлары жана «Кулмырза менен Аксаткын» поэмасы окутулат.

Сабактын жүрүшүндө Ютуб каналынан Жолболду Алибаевдин аткаруусунда жана Элмирбек Иманалиевдин аткаруусундагы дастандын үзүндүлөрү пайдаланылат.

Сабакта чыгарманы талдоодон мурда Барпы Алыкуловдун өмүр жана чыгармачылыгы тууралуу түшүнүк хронологиялык таблица формасында берилет. Мындай хронологиялык таблица өткөн кылымдын 50-60-жылдарында кеңири колдонулуп, анын эффективдүүлүгү ошол кезде методист К.Иманалиевдин «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» [1, 228] жана «Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши» [2, 144] деген эмгектеринде далилденген жана мектептердин кыргыз адабияты кабинеттеринде жасалга катары илинип турган.

*Барпы Алыкулов тууралуу хронологиялык таблица*

*1-таблица.*

| № | Даталар | Акындын өмүр баянындагы урунттуу учурлар |
|---|---|---|
| 1 | 1884-жылдын күзү | Азыркы Сузак районунун Ачы деген жеринде туулган. Ата-энеси жарды кишилер болгон. Үй-бүлөсүндө тогуз бала жашаган |
| 2. | 1884-1900-жылдар | Жалал-Абад шаарынын тегерегиндеги Ачы, Мака-Торпок, Беш-Бала, Чаңгент деген сыяктуу айылдарда ар кимге жалчы болуп жан багат |
| 3 | 1895-жылдар | Көзү ооруп, бир көзү күңүрттөп, таза көрө албай калат |
| 4 | 1884-1900-жылдар | Назарбай, Калмат, Абды, Сулайман, Матисак, Кара бий ж.б. колунда бар кишилерге жалданып жүргөндөн кийин, Мадалы ажынын үй кызматкери катары иштегенде да, он үч-он төрт жашар кезинде Азирети Эшендин иштерин кылып жүрүп ислам дини, ислам шарияты жана чыгыш поэзиясы жана философиясы менен ошол молдолордон уккандары боюнча таанышат |
| 5 | 1900-жылдар | Атасы Алыкулдан үйрөнгөн «Залим хандар азабы» деген ырды элге ырдап жүрүп, көпчүлүк айылдаштарына таанылат. |
| 6 | Октябрь революциясынан кийинки жылдары | Союз кошчу жана өз ара көмөктөшүү деген топтордо Совет бийлигин чындоого жардам берди, айыл кеңешинин орун басары кызматтарын аркалады. |
| 7 | 1929-жыл | Катуу ооруп, эки көзү тең көрбөй, бирөөлөргө жетелетип, азиз болуп калат |
| 8 | 1943-жыл | Акындын ырларын өз оозунан жана элден жазып алуу башталган |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | 1949-жыл | Биринчи китеби «Тандалмалуу ырлар» деген ат менен жарык көрөт |
| 10 | 1949-жыл, 9-ноябрь | Фрунзе шаарындагы ооруканалардын биринде көз жумуп, сөөгү ошол калаадагы «Ала-Арча» көрүстөнүнө коюлат |

Мына ушул хронологиялык таблицанын негизинде сабактын алдын ала багытын аныктоо үчүн окуучуларга бир нече кызыктыруучу суроолорду берүүгө болот:

1) Сузак районунун Ачы айылын интернеттеги картадан таап географиялык-климаттык өзгөчөлүктөрү тууралуу айтып бергиле.

2) Барпы Алыкуловдун ар кимге жалчы болуп иштеши анын акын катары калыптанышына кандайча таасирин тийгизген?

3) Барпынын көзү азиз болсо, кантип анан ушундай классикалык чыгармаларды жараткан деп ойлойсуңар?

Бул жана дагы ушуга окшош бир топ суроолорду талкуулоо менен акындын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү ачылат. Эми сөз анын «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасынын айланасында жүрөт. Бул поэма кыргыз элинин ичинде, өзгөчө Түштүк Кыргызстанда, ал гана эмес Тажикстандын Тоолуу-Бадахшан аймагында, Өзбекстандын кыргыздар жашаган жерлеринде кеңири тараган лиро-эпикалык дастан. «Мырза уул», «Шамамат менен Аксаткын», «Кубаттын уулу Кулмурза», «Кулмурза менен Аксаткын», «Мырза уул менен Саткын» ж.б. аттар менен тараган. Анын окуяларынын тарыхый негизи бар деп айтылып, Кубаттын уулу Кулмурза Ноокаттан чыкканын, ал эми Аксаткын Алай жеринен болору чыгарманын көп варианттарынын башында айтылып келет.

Мугалим сабакта лиро-эпикалык поэманын варианттары тууралуу интернет материалдарын пайдаланып, интерактивдүү доскадан бул материалдарды көрсөтөт.

*«Кулмурза менен Аксаткын» поэмасынын варианттары*

*2-таблица.*

| | |
|---|---|
| Барпы Алыкуловдун варианты | Бул варианттын текстин 1946-жылы Беккелди Жоробаев деген жыйноочу жазып алып, акындын китептерине киргизилген [3, 111-124]. |
| В.В. Радловдун варианты | XIX кылымдын 60-жылдарында жазылып алынган бул вариант кыска прозалык тексттен, 26 сап ырдан турат. Түркolog окумуштуунун «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрүнөн»деген китепке киргизилген [4]. |
| Анаркүл Тажибаеванын варианты | 1947-жылы 22-августта Ноокат районунун Кеңеш сельсоветинде Котур-Булак айлында жашаган акындан К.Мифтаков жазып алган |
| Ынак Ысман уулунун варианты | Бул Сузактын Барпы айылында Ынак Ысман уулунан жазылып алынган[5]. |
| Каратегиндик кыргыздардын варианты | Тажикстан, Жерге-Тал районунан жазылып алынып, китептерге киргизилген [6, 57-71]. |
| Памирдик кыргыздардын варианты | Муну француз аалымы Реми Дор жазып алып, жарыялаган [8, 128-139]. |

Жогорудагы варианттардан тышкары профессионал жазуучулар да бул темага кайрылган, мисалы, дастандын окуяларын негизге алып, Тоголок Молдо «Кубаттын уулу Кулмурза», А. Осмонов «Мырза уул» поэмалары, Э. Эрматов «Кулмурза менен Аксаткын» драмасын, А. Муратов «Аксаткын» аңгемесин жазган. Мугалим мына ушул варианттардын өзгөчөлүктөрүн да билүүсү керек. Ошондо Барпы Алыкуловдун

варианты көркөмдүк жактан чебер иштелгендиги жаркырап көрүнөт. Мында окуучулар өздөштүрө турган нерселер: чыгарманын жанры (лиро-эпикалык дастан экендиги); сегиз вариантты жазылып алынгандыгы; чыныгы сүйүүнүн даңазаланышы; поэманын трагедиялык бүтүмү; комуз жана кыяк коштоосунда да, алардын коштоосу жок эле айтыла бериши; кошоктун мотивде болушу; ыр түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү (бейт; редиф); бул баяндын тарыхый негизи бар экендиги; кыргыздардын уруулук-феодалдык салттарынын ашкерелениши; Барпы Алыкуловдун башка сүйүү ырларындагы идеялардын уланышы.

Сабак процессинде окуучулар менен иштөөдө аларга үйрөтүүчү дагы бир технология досканы пайдаланып, окумуштуулардын пикирлери менен тааныштыруу.

*Адабиятчылардын «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасы тууралуу пикирлери*

*3-таблица.*

| № | адабиятчы | пикир |
|---|---|---|
| 1 | К. Маликов | «Барпынын революцияга чейинки чыгарган чыгармаларынын ичинен эл турмушун терең чагылткандыгы жана көркөмдүгү жагынан «Кулмурза менен Аксаткын» деген казалы айрыкча бир өзгөчө орунда турат. Акындын көркөм табылгалары мол. Ал ашык болгон жигитти алтын чынарга, ашык болгон кызды алманын гүлүнө теңейт. Бул казалдын ыр өлчөмдөрү да башкача, жаңы. Кыргыз ыр курулушунда сейрек учурай турган он муунду ырлардан куралат да, окулганда саптары кулакка өтө үндүү, обондуу угулуп, окуучуну мээримдүү илебине дембе-дем улам тартып отурат. Мен бул казалды эч бир тайманбастан эле «ашыктык жана өлүм жөнүндө улуу ыр» деп атаар элем» [9]. |
| 2 | К. Даутов | «Барпынын «Кулмурза менен Аксаткыны» сөздүн толук жана кеңири маанисинде психологиялык дастан-поэма. Мындан бүгүнкү адабий сабаты жогору делген профессионал акын, жазуучулар да кадимкидей үйрөнсө болот. Барпынын барпылыгын чындап таанытуунун өзгөрбөс мисалы болуп келе берет, эстетикалык жандуу таасирин кемитпей дайыма окула берет.<br>«Кулмурза менен Аксаткын» өтө кылдаттык менен иштелип чыккан чыгарма» [10, 326]. |
| 3 | А. Муратов | «Барпынын аялзатына арналган ашыглык ырлары – кыргыз адабиятынын төрүнөн орун алчу руханий байлыктардын катарын толуктайт. Махабаттын адамзат али аңдап түшүнө элек көп сырларын апыз жогорку көркөмдүүлүктө ырдайт. Апыз «Сүйүүнү сүйүп ырдадым, сүйүүнү күйүп ырдадым», «Сүйүү деп жүрүп өлөмүн, сүйүү деп өттү өмүрүм» деп бул тематикадагы өз кредосун ачык-айкын билдирген. Барпы Алыкуловдун вариантында Кулмурза мурда үйлөнгөн, аялы бар киши катары айтылат. Дастан – Аксаткын аттуу кыздын арманы, кошогу сыяктанат, бирок толук армандын да, кошоктун да жанрдык белгилерине ылайык келбейт. Аксаткын кыздын сүйгөн жигити Кулмурза кээ бир варианттарда кайнилеринен, кээ бир варианттарында жээндеринен болот. Барпы Алыкуловдун вариантында Аксаткын Кулмырзанын таежеси. Дастан махабаттын улуулугун, сүйүү күчүн даңазалайт» [11]. |

Бул пикирлерди мугалим андан ары улантат жана окуучуларды мындай пикирлерди талдоого чакырат, кошулары же кошулбасы аңдалып билинет.

Аксаткын менен Кулмурза түнүндө ак чөлмөк ойноп, селкинчек оюн кылып, «суу ылдый басып кеңешип, султан бир бойду теңешип», «өзөндү бойлоп кеңешип, өктөм бир бойду теңешип», «убада-шертти бир

кылат, убайсыз кечти гүл кылат». Бул сүйүүнүн азабы келет: экөө бир болгон түнү кыздын эки агасы таң азанда келип, Кулмурзаны өлтүрүп, Аксаткын арман-кошогун айтып, акыры дастан мындай саптар менен аяктайт:

*Кулмурза өлсө куп болсун, досум,*
*Ак Саткын экөө жуп болсун, досум.*
*Канжырды уруп Аксаткын өлдү,*
*Курбулук күчтү тургандар көрдү,*
*Ак шамшар салып Аксаткын өлдү,*
*Ашыглык күчүн адамдар көрдү [3, 122].*

Дастан Чыгыш адабиятындагы кеңири тараган сүйүү поэмаларынын («Тайыр-Зуура», «Лайли-Мажнун» ж.б.) жана кыргыз эпикалык поэмаларынын («Олжобай менен Кишимжан») салтын улантат жана махабаттын улуулугун, сүйүү күчүн даңазалайт.

Барпыны кыргыз адабиятында бийиктикке чыгарып турган бул поэма аны кыргыз төкмөлөрүнөн бир кыйла бөлүп көрсөтүп турат. Эгерде кыргыз оозеки поэзиясы жана төкмөлөр чыгармачылыгы 7-8 муундан турган ырларды жаратса, «Кулмурза менен Аксаткын» жазма профессионалдык адабияттын белгисине ээ, б.а., анын муун саны 10-11 саптан турат. Уйкаштыктар өтө чебер куралган, ар бир саптан кийин редиф келет. Ушул жерден редиф тууралуу түшүнүк берилет.

*Редиф тууралуу түшүнүк*

*4-таблица.*

| |
|---|
| Редиф – ырдын ичинде ар бир саптагы уйкаштыктан кийин келүүчү сөз же сөз айкаштары. Араб тилинен «редиф» дегенди кыргызчага которгондо «артынан келүүчү» дегенди түшүндүрөт.<br>Байтал бир бээнин бал кымыз, досум,<br>Кунан бир бээнин курч кымыз, досум.<br>Усталар пычып, уз тиккен, досум<br>Чеверлер пычып, кыз тиккен, досум. *(«Кулмурза менен Аксаткын» [3, 111].* |

Жалпы «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасы ыр куруунун, куплеттерге ажыратуунун бейт формасында ырдалган.

*Бейт тууралуу түшүнүк*

*5-таблица.*

| |
|---|
| Бейт – кош сап, б.а., ыр куплетинин туташ уйкашкан эки саптан гана турушу. Бейтте муун саны бирдей болгон эки сап бир маанини түшүндүрүп, автордук ой ошол эки сапта эле жыйынтыкталат.<br>Куптанда келдиң жылгалап, досум,<br>Кундуздан бөркүң булгалап, досум. *(«Кулмурза менен Аксаткын») [3, 114].* |

Сүйүү, анын сөз менен жеткире алгыс кереметин акын кайгылуу музыканын коштоосундагыдай сезимдер менен жеткирет. Эки ашыктын армандуу да, азаптуу да, романтикалуу да, трагедиялуу да сүйүүсү Чыгыш адабияты менен уңгулаш трактовкаланат. Түндүк Арабиядагы амир деген урууда Кайс ибн Муад деген жигит жашап, ал урулашы Лейли деген кызды эстен танганча сүйүп калган. Кыздын атасы кызын ал жигитке бербейт, баланы болсо ата-энеси Меке шаарына алып барып таштайт. Ашыглык дартынан ал Лейлини издеп чөлдөрдү кезип, ырын жазып жүрөт. Лейлини бай адамга турмушка узатат, бирок аны менен жашагысы келбеген кыз өлүм табат, анын өлгөнүн уккан Кейс өзүн өзү ашыктыктын «жиндисине» айлантат да, «Мажнун» деген ылакап атка ээ болот. Арабдардын ушул уламышы VII кылымдын аягында VIII кылымда арабдар арасында тарап, XIII кылымдан баштап башка элдерге да сиңе баштайт. Бул темага араб жазуучуларынан Ибн-Кутейба, Абу-л-Фараджа ал Исфахани, Абу-Бакир ал-Валиби (XI кылым) кайрылып, фарсий адабиятынын баштоочусу Абу Абдуллах Жафар ибн Мухаммад Рудаки (860-941) бул теманы иран-фарсий акындарына алып келет. 1188-жылы Низами Гянджеви «Лейли жана Мажнун» поэмасын

фарсий тилинде жазып, эки ашыктын арманын аябай популярдуу кылган, 1484-жылы Нуриддин Абдуррахман ибн Ахмад Жами, 1535-жылы азери акыны Физули ушул эле темада поэма жазса, 1484-жылы эски өзбек тилинде Мир Алишер Навои теманы жаңы сюжеттер жана поэтика менен байытып эң сонун дастанын окурмандарга берди. Лейли жана Мажнун темасы булар менен эле бүтпөйт, эсепсиз көп ырлар, драмалар, поэмалар жазылды.

Ушул ашыктардын тагдыры кандайдыр бир даражада Барпы апыздын «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасында улуу акындардын өрнөгүндө өзгөчө чечилишке ээ болот. Ушундай эле сүйүшкөндөрдүн трагедиясы «Фархад жана Ширин» дастанында да кеңири берилет.

Окуучулар менен биримдикте Барпы Алыкуловдун поэмасын жогорудагы чыгармалар менен салыштырып чыгуу да окуучулардын адабий-теориялык билимин тереңдетүүгө жардам берет.

Эң негизги ишмердүүлүк – текстти талдоо аркылуу окуучулардын сүйлөө маданиятын өнүктүрүү. Ал ишмердүүлүк С.К. Рысбаевдин аныктоосу боюнча төмөнкүлөрдөн турат:

- «айтылып жаткан ойдун чегинен чыкпай, көркөм жана ыңгайга жараша сөз таап сүйлөө;
- терең ойду камтыган накыл кепти орундуу айтып, угуучуга күчтүү таасир этүү;
- сөздү чебер колдонуп сүйлөө – өнөр экенин далилдөө;
- сөз менен түйүндүү маселени чечүү, сөзгө жыгуу;
- куюлушкан, көркөм чеберчиликте айтылган бата, баалоо сөздөрүн айта билүү;
- элдик макал-ылакап, учкул сөздөрдү кебинде ырааттуу колдонуп, чебер сүйлөө;
- тематикага ылайык бай жана мазмундуу сүйлөй алуу» [12, 22].

**Жыйынтыктап айтканда,** VIII класстардын кыргыз адабияты сабагында Барпы Алыкуловдун «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасын талдоо аркылуу, биринчиден, акындын махабат темасындагы ырлары жыйынтыкталат; экинчиден, окуучулар чыныгы махабатын таба албай, салттын курмандыгы болгон өткөн доордогу жаштардын трагедиялуу жашоосу менен тереңирээк таанышат; үчүнчүдөн, Чыгыш поэзиясынын таасиринде ыр формасын (редиф, бейт) колдонуу менен кыргыз поэзиясына жаңылыктарды киргизген акындын чыгармачылык өзгөчөлүгү тастыкталат; төртүнчүдөн, Барпы Алыкуловдун лексикалык-фразелогиялык бай тили, диалектилик өзгөчөлүктөрдү чебер пайдалана алышы көрсөтүлөт.

***Адабияттар:***

1. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / К. Иманалиев. – Ф., 1976. – 228 б.
2. Иманалиев К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст] / К. Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 144 б.
3. Барпы. Чыгармалар. IIтом. [Текст] / Түзгөн Б.Апилов. – Б.: 2008. –384 б.
4. Образцы народной литературы северных тюркских племен. Часть 5. Наречие дикокаменных киргизов [Текст] /Собраны В.В. Радловым. – Санк-Петербург, 1885.
5. Аксаткын менен Кулмырза. Сузактын Барпы айылында жашаган Ынак Ысман уулунун варианты [Текст] / Жарыялаган Ж. Шериев, А. Жусупбеков // Кыргызстан маданияты. – 1987. – 24-сентябрь.
6. Мукамбетов Ж. Эл ичи – өнөр кенчи [Текст] / Ж. Мукамбаев. – Ф.: 1982 – 57-71-б.
7. Жерге-Талдык кыргыздардын элдик оозеки чыгармалары (эки варианты берилген) [Текст] / Түзгөн А. Токомбаева. – Ф.: 1987 – 214-219-бб.
8. Кул Мурза. [Текст] / Памирлик кыргыздардан жазып алган түрколог-окумуштуу Реми Дор // Ала-Тоо. – 1991. – №3. – 128-139-бб.
9. Маликов К. Кыргыз жеринин атактуу ырчысы [Текст] / К. Маликов // Кыргызстан маданияты. – 1974. – 26-декабрь

10. Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү [Текст] / К. Даутов. – Б.: 2003. – 326-б.
11. Муратов А. 20 жолу үйлөнүп, 21 ирет баласы чарчап калган Барпы акын жөнүндө 15 факт [Текст] / А. Муратов // https://sputnik.kg/20200307/akyn-barpy-alykulov-zhonundo-faktylar-1047304662.html
12. Рысбаев С.К. Жазуу жана сүйлөө ишмердиги, алардын табияты тууралуу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – №2 (60). – С. 16-23.

***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***